2007-112

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ЭМГЕК КЫЗЫЛТУУ ОРДЕНДҮҮ М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ГЕОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ү. АСАНАЛИЕВ АТЫНДАГЫ ТОО КЕН ИШИ ЖАНА ТОО КЕН ТЕХНОЛОГИЯСЫ ИНСТИТУТУ**

Кол жазма укугунда
УДК 338.91 (575.2)

**СОЛПУЕВА ДАМИРА ТОКТОСУНОВНА**

# НАРЫН ОБЛУСУНУН АЙЫЛ КАЛКЫНЫН ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮН АЙМАКТЫК ЖАКТАН УЮШТУРУУ

25. 00. 24. - Экономикалык, социалдык жана саясий география

География илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати

**БИШКЕК 2007**

Иш И. Арабаев атындагы КМУнун география кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчилери:** география илимдеринин кандидаты, мамлекеттик сыйлыктын Лауреаты, профессор **Бакиров Насипбек Бакирович**
география илимдеринин доктору, профессор **Эргешов Абжапар Абдразакович**

**Расмий оппоненттери:** Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Академиги, география илимдеринин доктору, профессор **Оторбаев Каип Оторбаевич;**
география илимдеринин кандидаты, доцент **Аламанов Саламат Кулембекович**

**Жетектөөчү мекеме -** Башкаруу, укук, бизнес жана финансы эл аралык Академиясынын, гуманитардык билимдер кафедрасы

Диссертациялык иш 2007-жылдын 27 - апрелинде саат 15.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын геология институтунун алдында **Д. 25.07.343** Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720481 Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 30 Улуттук Илимдер Академиясынын геология институту

Тел.: + 996 312 662880 Факс: + 996 312 682588
**E-mail: geol@istc.kg**

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Геология институтунун илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат 2007-жылдын 26 - мартында таратылды.

Диссертациялык кеңештин 2007-жылдын 15 - февралындагы № 1 чечими менен диссертация коргоого сунуш кылынды жана авторефераты басмадан чыгарууга уруксат берилди.

Диссертациялык кеңештин төрагасы — геол.жана мин. илимдеринин доктору **Сакиев К.С.**

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы — география илимдеринин кандидаты **Абылмейизова Б.У.**



## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Биздин республикада болуп жаткан радикалдуу мүнөздөгү коомдук өзгөрүүлөргө байланыштуу элдин социалдык-экономикалык абалын оңдоо, аны тейлөө иштерин жакшыртуу маселеси кыргызстандыктардын, президент жана өкмөттүн алдына койгон эң актуалдуу жана курч талабы болуп калды.

Совет өкмөтү кулагандан кийин жандана баштаган менчиктештирүү жана менчикти мамлекеттен ажыратуу аркылуу коомдук мамилелер менен менчик формаларын өзгөртүүгө карата ири масштабдагы иш-аракеттер, тилекке каршы, калктын социалдык-экономикалык жагдайларынын начарлап кетишине өзүнүн терс таасирин тийгизгени өкүндүрөт. Ошондуктан өлкөдө болуп жаткан коомдук турмуштун бардык сфераларын менчиктештирүү процесстери, жакырчылыктын күч алышы, эмгекке жарамдуу калктын басымдуу бөлүгүнүн туруктуу жумуш менен камсыз болбошу, айлык акынын өтө төмөндүгү, ички жана сырткы миграция, кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүү, граждандык коомду жана укуктук мамлекетти түзүү, ошону менен катар, калкты, өзгөчө айыл калкын тейлөө менен алардын керектөөлөрүн канааттандырган сапаттуу кызмат көрсөтүү иштерин уюштуруу жана жакшыртуу маселеси аталган иштин актуалдуулугун аныктайт. Коомдук өнүгүүнүн жаңы процесстерин, алардын инфраструктурага, анын ичинде элет калкын тейлөө чөйрөсүн уюштурууга тийгизген таасирин окуп-үйрөнүү берилген теманы илимий жана логикалык анализге тартуунун зарылдыгын белгилейт.

Ири социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр болуп жаткан мезгилде айыл калкын тейлөө чөйрөсүн өнүктүрүү проблемасы теоретиктердин да, практиктердин да көңүлүн өзүнө бурган актуалдуу проблемага айланууда.

Тейлөө чөйрөсү - социалдык инфраструктура боюнча айыл жергесинин, элеттин прогрессивдүү коомдук өнүгүүдөн кескин артта калуусун четке кагууда, айыл менен шаардын ортосундагы социалдык-экономикалык тең салмактуулуктун калыптанышында зор роль ойнойт.

Тейлөө чөйрөсүнүн өнүкпөй калышынын терс кесепеттери катары эмгек ресурстарынын жагымсыз социалдык-демографиялык структурасын, анын натыйжасында пайда болгон айыл калкынын шаарларга карай миграциясын, чарбанын экономикалык жана социалдык өнүгүү шарттарынын бирдей эместигин атоого болот. Айыл чарбасында эмгектенген адамдардын турмуш-тиричилигинин оңолушу өлкөнүн экономикасынын агрардык секторунун натыйжалуу өсүшүнүн өтө маанилүү фактору болуп саналат.

**Диссертациялык иштин негизги максаты** - элет жашоочуларынын улам өсүп бара жаткан керектөөлөрүн канааттандыруу максатында Нарын

облусунун айыл калкын тейлөө системасын жана анын аймактык уюшулушун изилдөө болуп эсептелет.

Коюлган максат төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүүнү шарттайт:

1. Айыл калкын тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүү деңгээлин жана анын өнүгүшүнө таасир тийгизген факторлорду илимий эмгектерде сунуш кылынган методика боюнча салыштырып изилдөө жана аталган маселе боюнча ой-пикирлерди жана сунуштарды иштеп чыгуу;
2. Нарын облусунун, ошондой эле анын айрым райондору боюнча жайгашкан айыл калкын тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушунун өзгөчөлүктөрүн, кызмат көрсөтүүлөрдүн нукура деңгээлин аныктоо. Облустун чегиндеги жана анын райондорундагы тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушунун өнүгүү шарттарына баа берүү, аны андан ары өнүктүрүүнүн жана жакшыртуунун өтө курч жана актуалдуу проблемаларын тактоо;
3. Тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүү шарттары жана деңгээли, ошондой эле анын аймактык уюшулушу боюнча жергиликтүү администрациялык райондорду типтештирүү;
4. Облустун аймагындагы тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушун жакшыртуу проблемаларын терең жана конкреттүү изилдөө максатында тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүү шарттары менен деңгээли боюнча облустун райондорун кылдаттык менен анализдөө;
5. Жергиликтүү жетекчи органдар үчүн облустун айыл жерлериндеги тейлөө чөйрөсүнүн бүткүл тармактар комплексин андан ары жакшыртуу, өнүктүрүү жана жайгаштыруу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу.

Ар бир милдетти чечүүдө тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушунун базалык борбору болгон - шаарлардын ролун, б.а. облустун райондорундагы айыл калкын тейлөө жана элет менен байланышкан проблемаларды чечүүдөгү Нарын шаарынын, ошондой эле Кыргызстандын башка шаарларынын салымын эске алуу зарыл.

**Изилдөө обьектиси** катары тейлөө чөйрөсүн аймактык уюштуруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн кеңири талдоо максатында Нарын облусунун айыл калкынын тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары менен мекемелери алынды.

**Изилдөөнүн предмети** - айыл калкын тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан уюштуруу жана аны жакшыртуу маселелери эсептелинет.

**Изилдөөнүн методдору жана методологиясы**. Изилдөөдө методологиялык жана илимий негиз катары А. К. Гргеарян, Р.М. Овесян, Л. А. Меркушева , Н. И. Иванова, О. А. Малахов, Э.М. Цыпина, А. А. Литвинов, А. И. Устаев, В. И. Музычкин, Э.И. Калмуцкая, А. А. Ткаченко, И. С. Кулаков, К.Оторбаев, Г.С.Гужин, Н.Бакиров, А.Т.Актанова ж.б. илимпоздордун эмгектери пайдаланылды.



Диссертациялык изилдөө автор тарабынан Нарын облустук статистикалык башкармалыгынан, облустун тейлөө чөйрөсүнүн ар кандай тармактарын тейлеген уюмдардан чогулткан материалдарына таянуу менен жазылды. Диссертациялык иште статистикалык, математикалык жана картографиялык методдор колдонулду, география илимине гана мүнөздүү болгон тейлөө чөйрөсүн аймак боюнча изилдөөгө карата системалуу анализ жана системалуу жол ыкмалары кеңири пайдаланылды.

**Илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр:

1. Диссертациялык иш Нарын облусунун айыл калкын тейлөөнүн шарттары менен деңгээлдерин жана тейлөө чөйрөсүнүн аймак боюнча уюшулушун комплекстүү географиялык изилдөөгө арналган алгачкы илимий эмгек болуп саналат.
2. Бул иш республикадагы өнөр жайлуу жана инфраструктуралуу борборлордон алыс жайгашкан, рельефи жана климаты татаал, калкы сейрек отурукташкан Нарын облусунун райондорундагы тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушун мамлекеттик тилде илимий анализдөөгө аракет жасалган алгачкы эмгектердин бири. Демек, анын методикасы жана автордун ой - пикирлери, корутундулары Кыргызстандагы, дегеле тоолуу аймактагы калктын жайгашуу мүнөзү Нарын облусуна жакын болгон чөлкөмдөрдү изилдөө ишинде зор өбөлгө болоору бышык.
3. Тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушунун өнүгүү шарты менен деңгээли жана өзгөчөлүктөрү боюнча айылдык райондордун белгилүү бир типологиясы аныкталды. Аталган типология берилген изилдөө ишинде практикаланып, ага ылайык мындай типологиянын сунуш кылынган методикасы сыналды жана апробацияланды.
4. Изилдөө процессинде калкты тейлөөнүн деңгээлин интегралдуу баалоодо негиздүү деп пайдаланылган бир катар методдорго салыштырма анализ жүргүзүлдү. Ар кандай райондордогу тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүү деңгээлинин графикалык жана салыштырма анализдеринин жаңы ыкмасы сунуш кылынды.
5. Тейлөө борборлорунун жергиликтүү автобус транспорту жеткен шарттарындагы тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушунун өзгөчөлүктөрү боюнча алгачкы аракеттер жасалды.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор:**

1. Тейлөө чөйрөсүндөгү функциялык багыттын жалпылыгы катары калктын керектөөсүн канаатандырган кызмат көрсөтүү ишинин жыйынтыгы эсептелинет.
2. Тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүшүнө калктын социалдык демографиялык жагдайы, жергиликтүү транспорттук байланыштын түрлөрү таасирин тийгизет.
3. Нарын облусунун айылдык калкы тейлөөнүн деңгээли боюнча республиканын башка облустарынан кескин түрдө айырмаланат.

**Практикалык мааниси** анын натыйжаларын облустун ар кандай райондорундагы тейлөөнүн айырмачылыктарын зарыл түрдө теңдөө максатында, тейлөө чөйрөсүнүн ар кандай тармактарын өнүктүрүүнү учурда жана келечекте пландоо практикасында, ошондой эле жергиликтүү райондордун масштабындагы пландаштырууларда пайдалануу. Нарын облусунун райондорундагы тейлөөнүн деңгээли боюнча аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү, факторлору, шарттары, дифференциясы, рационалдуу тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушу, айыл инфраструктурасын комплекстүү өнүктүрүү боюнча келечектүү документтерди жана ар бир райондун экономикалык, социалдык өнүгүү пландарын түзүүдө олуттуу мааниге ээ.

Автор тарабынан түзүлгөн жана облустун учурдагы тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушун мүнөздөгөн карталар, схемалар, картограммалар, диаграммалар, картосхемалар сериясы да белгилүү бир даражада илимий мааниге ээ болуп, изилденип жаткан проблема же башка ар кандай чарбалык жана практикалык милдеттерди чечүү ишинде колдонула алат деп эсептейбиз.

**Изилдөөчүнүн кошкон жеке салымы**. Диссертациялык иш Нарын облусунун статистикалык башкармалыгынан, облустун тейлөө чөйрөсүнүн ар кандай тармактарын тейлеген уюмдардан (облустук саламаттык сактоо бөлүмү ж.б.) 2000-жылдан 2005-жылга чейин чогултулган материалдардын негизинде жазылды. Облустун типтүү райондорунун тейлөө чөйрөсү экспедициялык изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан *калктын арасынан сурамжылоо методу* кеңири пайдаланылды, Нарын облусунун тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюштурулушун, калктын жайгашуусун жана тейлөө тармактарын чагылдырган картографиялык материалдар түзүлдү.

***Изилдөө ишинин апробацияланышы***. Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин методикалык семинарларында (2001 - 2002), ушул эле университетте өткөрүлгөн Эл аралык жана илимий практикалык конференцияларда (2002 - 2005), Ысыккөл мамлекеттик университетинде уюштурулган «Модернизация содержания, технологий обучения и воспитания в средней и высшей школе» деп аталган илимий практикалык конференцияда (2005), Кыргыз билим берүү академиясында өткөрүлгөн «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Б.Бекбоевдин 75 жылдык юбилейине» карата өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияда (2005), Казакстан Республикасынын Тараз шаарында өткөрүлгөн (2005) талкууларда, талапкердин илимий макалаларында чагылдырылган.

**Илимий тыянактарын жарыкка чыгаруу.** Диссертациянын материалдары 6 илимий эмгек түрүндө жарыкка чыккан.



**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш\үүдөн, 3 баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иш өз ичине 150 бет текстти, 23 таблицаны, 7 картаны жана 140 адабияттардын тизмесин жана башка графикалык материалдарды камтыйт.

## ИЛИМИЙ ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу аныкталып, иштин максаты менен негизги милдеттери коюлду, анын илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси тастыкталды.

**Айыл калкынын тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан уюштуруу маселелери жана анын теориялык негиздери** деп аталган **биринчи бапта** тейлөө чөйрөсүнүн коомдон алган орду, аны өнүктүрүүнүн келечеги жана аймактык жактан уюшулушун изилдөөнүн булактары жана методикасы каралды.

Нарк мамилелеринин тушунда тез өсүп жаткан тейлөө чөйрөсү менен социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу ишин жөнгө салуу, аларды турмушка ашырууда жалаң практикадан сырткары, изилденип жаткан чөйрөнү аймактык уюштуруунун табиятын, маңызын, себебин терең түшүнүү жана аны жакшыртуунун, оптималдаштыруунун натыйжалуу методдорун иштеп чыгуу үчүн теорияга кайрылуу, илимий анализге тартуу мезгил талабына айлангандыгынан көрсөтүлдү.

Тейлөө чөйрөсү эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн мыйзам-ченемдүү натыйжасы болуп саналары, ал эл чарбасынын өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чөйрөлөрүнүн өз ара алакалашуу процессинде калыптанып, адамдын (калктын) тукум улоосу менен алардын турмуш-тиричилигине өбөлгө түзүү аркылуу коомдук кайра өндүрүүнүн бүткүл системасы менен тыгыз байланышта экендиги көрсөтүлдү. Ошол себептен учурдагы коом үчүн тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан рационалдуу уюштуруу, өлкөнүн ар кандай чөлкөмдөрүндөгү (региондорундагы) калктын суроо-талаптарын тейлөө деңгээлин теңдеген жана толук канааттандырган ийкемдүү, заманбап аймактык тейлөө маселелерин камтыган социалдык инфраструктураны андан ары өнүктүрүү маселелерине терең көңүл бурулду. Тейлөө чөйрөсү *жашоо образы* жана *анын деңгээлин жогорулатуу* маселелери менен тыгыз байланышта экендиги тастыкталды. Тейлөө чөйрөсүнүн бардык тармактары жашоо образынын калыптанышы менен өнүгүшүнө олуттуу салым киргизээри белгиленди.

*Тейлөө чөйрөсү* – бул калктын кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөлөрүн тике канааттандыруу сыяктуу функциясынын жалпылыгы боюнча бириктирилген өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чөйрөлөрдүн тармактарынын жыйындысы катары аныкталып, илимий эмгектерде *«өндүрүштүк эмес чөйрө», «кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү», «тейлөө*

*чөйрөсү», «социалдык инфраструктура»* сыяктуу негизги категориялардын арасында алган орду, алар менен болгон жалпылыгы жана өзгөчөлүгү аталды.

Диссертацияда тейлөө чөйрөсүнүн *түзүлүшүнө* же *структурасына* карата бир катар айырмалуу жана баалуу пикирлер бар экендиги белгиленди. Аталган чөйрөгө материалдык өндүрүш менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн кээ бир түрлөрүн (транспорттун, байланыштын, соода-сатыктын ж.б. айрым бөлүктөрү) киргизүү боюнча талаш-тартыштуу маселелер кездешет. Бирок, тейлөө чөйрөсүнүн курамы турак жай-коммуналык тейлөө, чекене соода, коомдук тамактануу, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, балдарга жана өспүрүмдөргө жалпы билим берүү жана аларды тарбиялоо, саламаттыкты сактоо, балдарды, пенсионерлерди жана майыптарды социалдык тейлөө, калкты рекреациялык жактан тейлөө, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, калк үчүн байланыш кызматы, кредиттик тейлөө жана камсыздандыруу (страхование), мүлктү жана атуулдардын коопсуздугун коргоо сыяктуу тармактардан (тагыраак айтканда, тармактардын тобунан) турат деп эсептеген А. И. Алексеевдин, С. А. Ковалевдун, А. А. Ткаченконун позициялары жетишээрлик деңгээлде негиздүү деп табылды.

Айыл жергесиндеги тейлөө чөйрөсүнүн мекемелери менен ишканалары аткарган функциясынын деңгээли боюнча жергиликтүү (локалдык) жана айылдар аралык (район ичиндеги, райондук, район аралык, облустук жана республикалык маанидеги) болуп бөлүнүп, калктын жайгашуу системасынын социалдык инфраструктурасын түзөрү ырасталды.

Мейкиндик боюнча «адам – кызмат көрсөтүү» системасы тейлөө уюмдарынын стационардык, көчмө жана дистанциялык деп аталган 3 тиби айырмаланды.

Тейлөө чөйрөсүнүн аймактык уюшулушун (ТЧАУ) изилдеген анализдөөнүн жыйынтыгы төмөнкүчө аныкталды: *ТЧАУ – ар бир аймактын конкреттүү шарттарына ылайык ырааттуу (иерархиялуу) жайгашкан тейлөө чөйрөлөрүнүн ишканалары жана алардын ортосундагы байланыштар менен керектөөчүлөрдүн мейкиндик боюнча мыйзам ченемдүү орун алышы.*

Тейлөө чөйрөсүнүн географиясындагы негизги түшүнүктөрдүн бири - *тейлөө деңгээли* эсептелет. Тейлөө деңгээли калктын кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөлөрүн канааттандыруу даражасын чагылдырат жана тейлөө деңгээлин ар кандай өңүттөр мүнөздөгөн ар кыл көрсөткүчтөрдүн жыйындысы менен түшүндүрүлөт. Изилдөө ишинде тейлөө чөйрөсүнүн төмөнкүдөй өңүттөрү кеңири мүнөздөлдү: тейлөө менен камсыз болуу, факт жүзүндө ишке ашкан тейлөө, тейлөөнүн комплекстүүлүгү, анын калкка жеткиликтүүлүгү жана сапаты. Жалпы жонунан тейлөөнүн райондук комплексинин өнүгүү деңгээлинин суммасы



түрүндө мүнөздөлгөн бул көрсөткүчтөрдүн интеграциясы практикалык зор кызыгууну туудурары белгиленди.

Бул максатта изилдөөчү тарабынан тейлөө деңгээлин анализдөө үчүн *картографиялык* жана *обьекттерди мейкиндиктеги белгилери боюнча типтештирүү* деп аталган эки метод жарыш пайдаланылды; алынган натыйжалардын окшоштугу далилденип, аталган методдордон обьективдүү тыянактарды алуу үчүн бирдей пайдалануу максаттуу деген жыйынтык чыгарылды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө А.К. Гргеарян жана Р.Н.Овесян (1967) тарабынан сунуш кылынган графиктик анализ ыкмасы «модификацияланды» жана өнүктүрүлдү. Биз тарабынан тейлөөнүн ар бир тармагын (медицина, билим берүү ж.б.) шарттуу айлананын жалпы аянтында бөтөнчөлөнгөн автономдуу сектор түрүндө графикалык жол менен чагылдыруу сунуш кылынып, ар бир сектордун аралыгында бир нече градуска барабар келген айрым бош жерлер калтырылды. Натыйжада ар бир желекчеси тейлөөнүн түрлөрүн чагылдырган «ромашка гүлү» алынды. Мында кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир түрү 1 гана эмес, бир нече (өзгөчө мүнөздүү болуп эсептелген 2 же 4) көрсөткүчтөрү боюнча мүнөздөлдү. Тигил же бул элеттик район үчүн ар бир көрсөткүчтүн чоңдугу вектордун узундугу аркылуу туюнтулду.

Облус боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир түрүнүн өнүгүшүн мүнөздөгөн орточо чоңдуктар бирдик катары алынды. Ошол себептен диаграммалуу белгиде бул орточо деңгээл көп бурчтукту (жалпыланган түрүндө айлананы) түзөт да, ар бир вектордун узундугу тейлөөнүн берилген түрүнүн өнүгүү деңгээлинин каралып жаткан райондогу деңгээлден же орточо облустук көрсөткүчтөн четтеп кеткендигин чагылдырат. Натыйжада айлананын секторлорунун аянты тейлөөнүн берилген тармагынын орточо көрсөткүчкө карата өнүгүү даражасын туюнтат. Мындай секторлордун аянттарын суммалоонун натыйжасында ар бир район үчүн цифра түрүндөгү интегралдуу көрсөткүчтү эсептеп чыгуу мүмкүн. Ошентип, облустун аймагында салыштырмалуу жогору, орточо, төмөн жана өтө төмөн деңгээлдеги 4 типтеги райондор айырмаланды. Тейлөө деңгээлинин интегралдуу баасы тейлөөнүн ар кандай өңүтүн мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү механикалык жол менен кошуу же көбөйтүү аркылуу эмес, бул өңүттөрдү мейкиндиктеги жалпы белгилер боюнча чагылдырган типология аркылуу алуу максатка ылайык деген пикирге кошулабыз (И.С.Кулаков, 1989).


Аталган методду пайдалануу аркылуу интегралдуу баалоонун төмөнкү көрсөткүчтөрү тандалып алынды: а) тейлөөнүн райондук комплексинин өнүгүү деңгээли; б) тейлөө чөйрөсүнүн комплекстүүлүгүнүн даражасы; в) элет жашоочулары үчүн тейлөө кызматынын жеткиликтүүлүгү. Төмөндө ар бир көрсөткүчкө кыскача токтололу.

*Тейлөөнүн райондук комплексинин өнүгүү деңгээлин* аныктоодо тейлөө чөйрөсүнүн ар кандай тармактарынын өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн облустук орточо деңгээлден терс жакка четтеп кеткен көрсөткүчтөрү эске алынды; мындай четтеп кетүүлөрдүн орточо чоңдугу берилген райондук комплексттин «артта калуусунун» (өнүгүүсүнүн) жалпы деңгээлин мүнөздөйт (тейлөө чөйрөсүнүн маанилүү 8 тармагы боюнча 23 жеке көрсөткүч пайдаланылды).

*Комплексттүүлүк даражасы* (же «тар» маанидеги кызмат көрсөтүүлөрдүн аймактык жеткиликтүүлүгү) өз айыл-кыштагында тейлөө кызматына болгон өздүк негизги керектөөлөрүн канааттандырууга реалдуу мүмкүндүгү бар элет калкынын үлүшү менен ченелет.

*Аймактык жеткиликтүүлүгү* (же «кеңири» маанидеги кызмат көрсөтүүлөрдүн жетимдүүлүгү) тейлөөнүн зарыл болгон мекемелеринен 5 кмге чейинки алыстыкта жайгашкан элет калкынын үлүшү аркылуу аныкталат.

Мейкиндиктеги 3 белги боюнча типтештирүү методу аркылуу интегралдуу баа берүү облустагы райондорду тейлөө деңгээли боюнча салыштырмалуу жогору, орто жана төмөнкү деңгээлдеги 3 типке жана 3 типчеге типтештирүүгө мүмкүндүк берди.




**Кызмат көрсөтүүлөрдүн өнүгүү деңгээлинин диаграммалык белгиси**

Диаграммада төмөнкүдөй көрсөткүчтөр пайдаланылды:

**I. Медицина:**
1. 10 миң жашоочуну тейлеген дарыгерлердин саны;
2. 10 миң жашоочуга ортоңку медициналык кызматкерлердин саны;



3. 10 миң жашоочуга бөлүнгөн койкалардын саны;
4. врачтардын кызматынын комплекттүүлүгү.

**II. Мектепке чейинки мекемелер жана мектептер:**
5. Мектепке чейинки мекемелер тейлеген балдардын үлүшү;
6. 4 - 11-класстарга сабак берген жогорку билимдүү мугалимдердин үлүшү;
7. орто мектепке баруучу айыл-кыштактарда жашаган балдардын үлүшү.

**III. Байланыш:**
8. 10 миң жашоочуга байланыш бөлүмдөрүнүн саны;
9. 10 миң жашоочуга байланыш кызматкерлеринин саны;
10. 1 жашоочуга байланыш кызматынын наркы.

**IV. Жүргүнчү транспорту:**
11. автобус аялдамалары бар айыл-кыштактардагы элдин үлүшү;
12. кмкв га айыл маршруттарынын саны;
13. таш (асфальт) төшөлгөн автожолдордун узундугу (%).

**V. Соода:**
14. 10 миң жашоочуга дүкөндөрдүн соода аянты;
15. киши башына чекене товар жүгүртүү.

**VI. Коомдук тамактануу:**
16. коомдук тамактануу мекемелеринин товар жүгүртүүсү;
17. 1 миң жашоочуга коомдук тамактануу жайларындагы орундар.

**VII. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө:**
18. 1 жашоочуга турмуш-тиричилик кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү;
19. анын ичинде татаал техниканын ремонту;
20. турмуш-тиричилик жактан тейлөө мекемелеринин жумушчуларынын саны.

**VIII. Маданий тейлөө:**
21. клубдардагы орундардын саны;
22. калктын маданий иш-чаралар менен оюн-зоокторго барууга кеткен чыгымдары;
23. маданий-агартуу мекемелери жана атайын билимге ээ кызматкерлеринин саны деп белгиленди.

Республика боюнча салыштырмалуу жогорку деңгээлде тейлеген райондор катары ири шаарлар менен Чүй сыяктуу өтө өнүккөн чөлкөмдөрдү атоого болот. Нарын облусунун чегинде мындай райондор жокко эсе. Облустун Кочкор, Жумгал, Атбашы райондору тейлөөнүн орточо деңгээлине ээ. Салыштармалуу төмөнкү деңгээлдеги тейлөө Нарын жана Акталаа райондорунда байкалат.

Мындай типологияда тейлөө чөйрөсүнүн артта калган тармактарын тезинен көтөрүп, тейлөө комплексин күчөтүү максатында кайсы райондорго элеттик социалдык инфраструктура тармагына инвестиция

багыттоо, кадрлар менен камсыз кылуу ж.б көңүл буруу зарыл экени ачык-айкын көрүнөт.

**Нарын облусунун айыл калкынын тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан уюштуруунун экономикалык, социалдык жана географиялык шарттары** деп аталган ***экинчи бапта*** калктын демографиялык өсүүсү, транспорттук байланыштын жайгашуу формасы жана турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды.

Тейлөөнүн аймактык системаларын калыптандыруу үчүн тейлөө чөйрөсүнүн *өнүгүү шарттары* өзгөчө мааниге ээ. Аталган шартта калктын демографиялык мүнөздөмөсү, алардын жайгашуу өзгөчөлүктөрү, жергиликтүү транспорттук тордун мүнөзү ж.б. факторлор (айтсак, акы төлөнгөн кызматтар калктын киреше деңгээли) менен аныкталат.

Нарын облусунун калкынын саны 2004 - жылы 263500 адамды түзүп, анын 215900ү (82,9% ) элет жеринде жашаган. Өтмө мезгилдин 10 жыл аралыгында активдүү миграциянын натыйжасында облустун элет жери эмгекке жана репродуктивдүү ишмердүүлүккө жарамдуу калктын бир бөлүгүнөн ажырап калган. Айыл калкынын жыштыгы 1 чарчы километр жерге Акталаа районунда 5,4 , Жумгалда – 7, Нарын районунда – 5,3, Кочкор районунда 8, Атбашы районунда 1.5 адам туура келет (2004-жыл).

*таблица*

**Нарын облусунун калкынын өзгөрүшү**

| Жылдар | Бардык калк | Анын ичинде | | Бардык калкка карата % менен шаардык калк | 1 км² туура келген калктын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Шаардык калк | Айылдык калк | | |
| 1926 | 102000 | 2000 | 100000 | 1,6 | 2 |
| 1939 | 124125 | 4552 | 119573 | 4 | 3 |
| 1959 | 136022 | 26565 | 109457 | 20 | 3,5 |
| 1979 | 228000 | 40000 | 188000 | 18 | 5 |
| 1989 | 255662 | 52269 | 203393 | 20 | 5,5 |
| 1997 | 263100 | 56100 | 207000 | 21,3 | 6 |
| 2000 | 251200 | 46300 | 204900 | 18,5 | 5,6 |
| 2001 | 254200 | 46900 | 207300 | 18,5 | 5,7 |
| 2002 | 257400 | 47100 | 210300 | 18,3 | 5,7 |
| 2003 | 260600 | 47400 | 213200 | 18,2 | 5,8 |
| 2004 | 263500 | 47600 | 215900 | 18,1 | 6 |

Демографиялык шарттарды мүнөздөө үчүн ар тектүү көрсөткүчтөр эмес, демографиялык жагдайдын жалпы баасы зор мааниге ээ. Изилдөө ишинде *демографиялык жагдайдын* негизинде облустун төмөнкүдөй 4



типтеги (жана типчедеги) элеттик административдик райондор айырмаланды: *1-тип* - эмгекке жарамдуу курактан улгайган адамдардын жогору үлүшүнө ээ: Жумгал району, *2-тип* - кеткен калкы анча көп эмес, курактык структурасы облустук орточо көрсөткүчкө жакын: Нарын району; *2 а типчеси* - жогору табигый өсүшкө ээ болгон: Кочкор району; *3-тип* - айылдын калкы башка жактарга анча көп кетпеген жана балдардын үлүшү төмөн: Атбашы району; *4-тип*- айылдын калкы башка жактарга кыйла көп санда кеткен (негизги себеби – миграциянын терс мүнөздөгү олуттуу сальдосу) Акталаа райондору аныкталды.

Жүргүзүлгөн типологияда көрсөтүлгөндөй 4 белгини колдонуу менен облустун демографиялык кырдаалынын айрым көрсөткүчтөрүн эсептеп, тактап алууга мүмкүндүк берди.

2004-жылы Нарын облусунда 132 айыл-кыштак болгон. Алардын басымдуу бөлүгүн миң адамдан ашык жашаган орто жана чоң айыл-кыштактар түзөт (82,9%). Болжол менен облустагы айылдардын 10% 500 - 1000ге чейинки адамдар жашаган чакан айыл-кыштактар. Айыл чарбасынын ар кандай өндүрүштүк типтеринин кеңири жайгашуусу зоналуу табигый өзгөчөлүктөр менен шартталган. Өндүрүшүнүн тиби боюнча Нарын облусунун айыл-кыштактары жалпы жонунан айыл чарбасына кирет.

Облустагы чарба аралык маанидеги ишканалар тууралуу маалыматтардын болушу мындай борборлордун курамын төмөнкү типтер боюнча негиздүү айырмалоого болот:

*Чарба аралык маанидеги борборлор* – алар, эреже катары, борборлоштурулган айрым кыштактар менен чарбалардын негизинде пайда болгон. Өз ичинен алар да 2ге бөлүнөт: а) чарбалар аралык маанидеги бир нече ишканаларга ээ жана жакшы өнүккөн борборлорго; б) чарбалар аралык маанидеги бир гана ишканасы бар начар өнүккөн борборлорго.

Иликтөөлөрдүн натыйжасында «а» тибине Жумгал, Кочкор, райондору жана **«б»** тибине Акталаа, Атбашы, Нарын райондорунун борборлору кирээри аныкталды.

Эреже катары, башка айыл-кыштактарга караганда, «а», ал эми айрым учурда «б» тибиндеги борборлордун баарында тейлөө чөйрөсү жакшы өнүккөн ишканалар менен мекемелер орун алган.

Нарын облусунун чегинде айыл-кыштактардын жайгашуусунун 4 тибин айырмалоого болот (алардын ареалдары, негизинен, айыл чарбалуу пункттардын ар кандай типтери жана типчелери менен айкалышат:

1. Нарын облусунун борборуна жакын жайгашкан, калкы салыштырмалуу жышыраак отурукташкан Кочкор, Жумгал райондору;
2. Айыл-кыштактар орточо тыгыздыкта жайгашкан, калктын жыштыгы облустун орточо көрсөткүчүнөн төмөнүрөөк болгон Атбашы,

Нарын райондору; аларда айыл-кыштактардын жыштыгы облустук орточо көрсөткүчтөн дээрлик төмөн.

3. Калктын жыштыгы облустун орточо көрсөткүчүнөн жогорураак болгон Акталаа району;

Райондорду айыл-кыштактар жайгашуу мүнөзү жана транспорт менен камсыз болушу боюнча айырмалоо ТЧАУ үчүн шарттардын негизги айырмачылыктарын интеграциялоого мүмкүндүк берет.

Облустун рельефи тоолуу болгондуктан автомобиль жолунун мааниси зор. Ошондой болсо да, Нарын облусу өзүнүн географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу автомобиль транспортунун жыштыгы боюнча республикадагы анча жогору эмес көрсөткүчкө ээ чөлкөмгө кирет. Автомобиль транспорту облустун ичиндеги республиканын башка райондоруна жана чет мамлекеттерге (мисалы, Кытайга) жүк жана жүргүнчү ташыйт. Бишкек - Торугарт жолунан таралган маанилүү ички жолдор: Кочкор-Чаек-Миңкуш, Сарыбулак-Арчалы (Ысыккөл облусу), Нарын-Баетов ж.б.

2004-жылы таш төшөлгөн жолдорго жөө басып жетүүгө мүмкүн болгон «жакынкы» (2 километрге чейин) аралыктагы айыл-кыштактарда айылдык калктын 57%, ал эми жолдорго чейин «алыс» (5 - 9 км) аралыкта 30%, «өтө алыс» аралыкта (10 кмден ашык) 13% калк жашаган.

Облустун бардык айыл-кыштактары райондун, облустун борборлору менен автобус транспорту аркылуу байланышкан. Облуста автобус маршруттары өткөн жалпы жолдун узундугу **3460** километрди түзөт. Анын ичинен ***537*** километри эларалык, ***1581*** мамлекеттик, ***1342*** жергиликтүү маанидеги жолдор болуп саналат. Алардын ичинде таш төшөлгөн жолдор(**427** км) катары эл аралык жана республикалык деңгээлдеги Бишкек - Торугарт, Кочкор - Чаек- Миңкуш, Сарыбулак - Арчалы, Нарын - Баетов трассаларын атоого болот.

Автор тарабынан рационалдуу ТЧТУ үчүн комплекстүү шарттарды түзүүнүн схемасы сунуш кылынды, алардын ичинен регрессивдүү анализдин жардамы менен маанилүүлөрү бөлүнүп алынды жана анализделди. Натыйжада тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүүсүнүн комплекстүү шарттары боюнча облустун райондорунун типологиясы аныкталды.

**Нарын облусунун айыл калкынын тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан уюштуруунун өнүгүү деңгээли жана өзгөчөлүктөрү** деген **үчүнчү бапта** Нарын облусунун башка облустардан айырмачылыгы, аймактык жактан уюштуруунун жакшыртуу маселелери жана калкты тейлөөнүн келечеги аныкталды.

Нарын облусу республиканын башка облустарына караганда бир кыйла төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ экендиги такталды. Совет доорунда тейлөө чөйрөсүнүн айрым тармактары, алсак, калкты соода аянттары, коомдук тамактануу ишканалары, саламаттыкты сактоо мекемелеринин тармактары, китепканалар, клубдар менен камсыз кылуу боюнча Нарын



облусу республикалык орточо көрсөткүчтөгү деңгээлде экендиги аныкталды. Облуска тейлөө чөйрөсүнүн мекемелери жана ишканалары менен камсыз болуу деңгээли боюнча облус ичиндеги, облустар аралык маанайдагы, өзгөчө, шаар менен айыл ортосундагы аймактык кескин айырмачылыктар мүнөздүү экендиги белгиленди. Тейлөөнүн деңгээли боюнча адатта салттуу түрдө тейлөөсү жогору болгон Кыргызстандын башка облустарына салыштырмалуу Нарын облусу акыркы орундарды ээлегендиги тастыкталды.

Облус мамлекеттик жана жеке менчикке негизделген чекене соода жана товар жүгүртүү, мектепке чейинки тарбиялоо мекемелериндеги балдардын саны, турак-жай, коммуналык чарба, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, рекреациялык мекемелердин кызматтары боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ.

Товар жүгүртүүнүн деңгээли облустун райондор арасында айырмаланат. Айтсак, республикалык жана эл аралык маанидеги Бишкек - Торугарт трассасы боюнча ыңгайлуу жайгашкан Атбашы, Кочкор, Нарын райондорунда товар жүгүртүүнүн деңгээли Жумгал жана Акталаа райондоруна салыштырмалуу бир кыйла жогору.

Облустун аймагында калктын жайгашуу системасына ылайык келген белгилүү бир ырааттуулуктагы (иерархиядагы) соода мекемелери калыптанган. Элеттик калкты соода-сатык жактан тейлөөнү аймактык уюштурууда төмөнкүдөй типтеги соода пункттарын айырмалоого болоору белгиленди: 1) күнүмдүк суроо-талапты канааттандырган товарларды саткан чакан базарлар; 2) азык-түлүк товарларын, өнөр жай товарларын, чарба буюмдарын саткан дүкөндөр; 3) китеп же маданий товарларды саткан же адистештирилген дүкөндөр; 4) универсалдуу дүкөндөр (соода борборлору); 5) жумасына 1 же 2 күн иштеген жана азык-түлүк, өнөр жай товарларынан тартып малга чейин саткан чоң базарлар.

Коомдун экономикалык базиси материалдык өндүрүш чөйрөсү жана адамдардын эмгек ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышкан. Кыргыз коомундагы 1991-жылдан кийинки сапаттык өзгөрүүлөр, анын саясий көз карандысыздыкка жетиши, базар мамилелерине өтүшү менен шартталган оор экономикалык кризиске байланыштуу экендиги айтылды.

Кыргызстандык изилдөөчүлөр тарабынан өтмө коомдун шарттарында эмгекке канааттанууга айлык акы, өздүк шыктарды, билимдерди турмушка ашырууга болгон мүмкүндүк жана жумуштун кызыктуулугу чоң таасир көрсөтөрү аныкталган. Жеке адам гана эмес, жалпы эле адамзат таанып-билүү ишмердүүлүгүнө өтөөр алдында өзүнүн биринчиден, материалдык керектөөлөрүн канааттандырууга тийиш. Тигил же бул социалдык, саясий жана идеологиялык структуралар дагы белгилүү бир *экономикалык базиске* таянуу менен пайда болот. Базар мамилелерине жана капиталисттик жашоо ыкмасына негизделген өтмө коомдогу эмгек ишмердүүлүгү төмөнкүдөй төрт өнүткө ээ; 1) *комфорт* - жумушчу

ордунда түзүлгөн шарттардын ыңгайлуулугу, жумушту аткаруу үчүн бөлүнгөн убакыттын жетиштүүлүгү ж.б.; 2) *жумуштун мазмунунун кызыктуулугу* – жумуш ордунун жумушчунун шыктарын, билимдерин, өнөрүн турмушка ашырууга мүмкүндүк берүүсү менен байланышкан; 3) *акчалай сыйлык* – ал өз ичинен эмгек акынын өлчөмүн, жумушчунун керектөөлөрүн канааттандырууга берген мүмкүнчүлүктөрдү камтыйт; 4) *коллективдеги мамилелер же жумушчунун коллегалар менен болгон алакасын айтууга болот.*

Келечекте облустун калкынын турмуш-тиричилигин жакшыртуу үчүн мамлекеттик бийлик менен коомчулуктун ортосундагы катнаш байланышты түзүү, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдар менен мамилени күчөтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын базасын чыңдоо, өнүктүрүү, жергиликтүү массалык маалымат каражаттары менен байланыштарды чыңдоо; райондор арасында өз ара тажрыйба алмашууларды өткөрүү сыяктуу иш чараларды иштеп чыгуу керек. Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн «Намыс» программасынын негизинде облустун социалдык-экономикалык абалын турукташтыруу, экономикасын көтөрүү, өнөр жайын, айыл чарбасын, орто жана чакан бизнести, калктын социалдык маданий жана турмуш-тиричилик абалын жакшыртуу жана өнүктүрүү максатында кароо сынактар жер жерлерде өткөрүлүп, жаштардын эс алуусуна көңүл буруу бүгүнкү күндүн талабы экендиги баса белгиленди.



## КОРУТУНДУ

Изилдөө ишинин жыйынтыктары элеттик райондордогу тейлөө чөйрөсүн аймактык уюштуруунун мыйзам ченемдүүлүктөрү, мындай райондордо жашаган айылдык калкты тейлөө маселеси менен аны жакшыртуунун жолдору тууралуу бир катар тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

1. Кыргыз Республикасынын администрациялык - аймактык түзүлүштөрүнүн ичинен Нарын облусунун ордун аныктоодо анын *тейлөө чөйрөсүнүн бир катар тармактары* боюнча башка облустардан кыйла *артта калгандыгы* аныкталды. Облус боюнча тейлөөнүн учурдагы деңгээлин орточо нормативдер жана көрсөткүчтөр боюнча салыштыруу аракеттери жасалды.
2. Изилдөөнүн жүрүшүндө *базар (рынок) мамилелери* Нарын облусунун элеттик калкын тейлөө ишине кандай таасир бергендигин тастыктоо маселеси да коюлду. Учур талабына ылайык тейлөө тармагына тиешеси бар жеке менчик ишканалары: дүң жана чекене соода жүргүзгөн соода түйүндөрү, базарлар, турмуш-тиричилик жактан тейлөө мекемелери, мончолор, кафелер, ресторандар, менчик мектептер, жеке менчик транспорт унааларына негизделген каттамдар ж.б. ачылып, ийгиликтүү иш алып барууда. Албетте, аталган жеке ишканалар азырынча телчигүү этабында турат. Социалисттик менчикке негизделген коомдук ишканалардан алар өзүнүн ийкемдүүлүгү, компакттуулугу, көрсөткөн кызматынын сапаттуулугу, кардарлардын суроо-талабына өз убагында жооп берүү жөндөмдүүлүктөрү, тейлөө маданияты менен айырмаланат. Ошол себептен алардын келечеги кең деген пикирдебиз.
3. Изилдөө иши география илиминдеги бир катар *методикаларды* терең анализдөөнү жана аларды бир кыйла жакшыртууну талап этти. Тейлөө деңгээлин анализдөөдө графикалык анализдөө жана мейкиндиктеги белгилери боюнча обьекттерди типология деп аталган эки метод жарыш (параллель) колдонулду. 1967-жылы А.К.Гргеарян жана Р.М.Овесян тарабынан сунуш кылынган *график- анализдик метод* автор тарабынан бир аз жакшыртылды жана тейлөөнүн ар бир тармагы «ромашка гүлү» деп аталган шарттуу айлананын жалпы аянтында «гүл желекчеси» түрүндөгү автономдуу айырмаланган сектор түрүндө чагылдырылды. Мындай графиктик сүрөт тейлөөнүн кандайдыр бир тармагын башка тармактар менен аралаштырбай жалгыз бир көрсөткүч боюнча эмес, бир нече маанилүү көрсөткүчтөр боюнча мазмундуу чагылдырууга мүмкүндүк берет.
4. И.С.Кулаков тарабынан сунуш кылынган *мейкиндиктеги белгилери боюнча обьекттерди типтештирүү* деп аталган экинчи ыкманы диссертациянын автору тейлөө кызматтарынын кардарларга чейинки аймактык натыйжалуулугу деп аталган жаңы көрсөткүч менен толуктады. «Тар» маанисинде бул көрсөткүч өзүнүн калктуу пунктунда тейлөөнүн

стандарттык наборуна ээ айылдык калктын үлүшү, ал эми «кеңири» маанисинде ал тейлөө мекемелеринен 5 кмден алыс жашаган калктын үлүшү катары аныкталды.

5. Облустун райондору бир катар географиялык - климаттык, рельефтик, экономикалык, социалдык жалпы мүнөздөмөлөргө ээ болгондугуна карабастан, тейлөө тармактары боюнча *райондор аралык бир катар айырмачылыктарга* ээ. Картографиялык методдун жардамы менен элеттик административдик райондордогу тейлөө деңгээлинин интегралдык баасы тейлөөнүн деңгээли боюнча райондордо жогорку (111 - 150 балл же андан жогору), орточо (100 - 110 балл), начар (80 -99 балл), өтө начар (80 баллдан төмөн) деген 4 тибин айырмалоого мүмкүндүк берди. Анын натыйжасында тейлөө чөйрөсүнүн артта калган тармактарын тезинен көтөрүп, тейлөө комплексин күчөтүү максатында кадрлар менен камсыз кылуу ж.б. маселелерди чечүү мүмкүн экендиги көрсөтүлдү.

6. Тейлөө чөйрөсүндө эмгектенгендердин саны облустун райондору боюнча кескин айырмаланбагандыгы аныкталды. Бул чөйрөнүн кызматкерлеринин саны айыл-кыштактардын жайгашуусу менен географиялык социалдык-экономикалык факторлордон көз каранды экендиги белгиленди. Райондун борборлорунда жана шаарларда социалдык кызматкерлер, мугалимдер, медицина кызматкерлери, тарбиячылар үстөмдүк кылса, элет жеринде соода кызматкерлери менен мугалимдердин саны басымдуу экендиги айгинеленди.

7. Нарын облусунун элеттик калкын тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан уюштуруу маселеси боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн методикасы менен айрым натыйжалары Кыргыз Республикасынын башка облустарындагы жана тоолуу чөлкөмдөрдөгү тектеш проблемаларды иликтөөдө жардамы тийет жана методика катары пайдаланыла алат, берилген диссертация элетти социалдык багытта өнүктүрүүнүн программаларын сын көз караштa баалоого жана негиздөөгө мүмкүндүк берет деген пикирдебиз.



**Диссертациянын мазмунун чагылдырган эмгектер:**


1. Нарын облусунун чөйрөсүн тармактык тейлөөнү аймактык жактан уюштуруу // Сборник научных трудов / КГПУ имени И. Арабаева. – Бишкек, 2001. - Вып. 5. – Сер. Естественно-математические науки. – С. 275-277.

2. Нарын областынын жалпы билим берүү тармагы // Материалы Международной конференции «Модернизация высшей школы в переходной период: состояние и перспективы», к 50-летию КГПУ имени И. Арабаева. – Том 2. - Бишкек, 2002. – С. 382-384.

3. Географическое изучение обслуживания и наиболее актуальные проблемы ее территориальной организации // Вестник Иссык-Кульского университета. Материалы 3-й республиканской научно-практической конференции «Модернизация содержания, технологий обучения и воспитания в средней и высшей школе». – Каракол, 2005. - № 14. – С. 229-232.

4. Обслуживание населения - предмет исследования экономической и социальной географии // Вестник КГУ им. И.Арабаева.- Бишкек, 2006. - Вып. 4. - С. 107-109.

5. Нарын областынын калкынын демографиялык өсүү динамикасы. // Вестник КГУ им.И.Арабаева. – Бишкек, 2006. - Вып. 4. - С. 105-107.

6. Роль сферы обслуживания в росте занятости, воспроизводства кадров и повышении жизненного уровня населения в Кыргызской Республике. // Вестник ТарГУ им. М.Х.Дулати «Природопользование и проблемы антропосферы» – Тараз, 2005. - С. 221-224.

**Солпуева Дамира Токтосуновнанын**
**«Нарын облусунун айыл калкынын тейлөө чөйрөсүн аймактык жактан уюштуруу»** деген темада 25.00.24. - экономикалык, социалдык жана саясий география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга талаптанып жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** тейлөө чөйрөсү, жашоо образы, өндүрүштүк эмес чөйрө, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү, социалдык инфраструктура, тейлөө деңгээли, тейлөө чөйрөсүн аймактык уюштуруу, элеттик айылдык калк.

**Изилдөө обьектиси** катары тейлөө чөйрөсүн аймактык уюштуруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн кеңири талдоо максатында Нарын облусунун айыл калкынын тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары менен мекемелери аталды.

**Изилдөөнүн максаты:** Элет жеринде жашоочулардын уламдан- улам өсүп бара жаткан керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, Нарын облусунун айыл калкын тейлөө системасын жана анын аймактык жактан рационалдуу уюшулушун изилдөө.

**Изилдөөнүн ыкмалары**: А.К.Ггеарян, Р.М.Овесян, И.С.Кулаков тарабынан иштелип чыккан жарыш (паралелль) 2 методиканы бир мезгилде пайдалануунун максаттуулугун аныктоо. Нарын облусунун айыл-кыштактарынын тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары менен мекемелеринин камсыз болуу деңгээлине анализ жүргүзүү.

**Алынган жыйынтыктар жана жаңылыктар:** Нарын облусунун 5 районундагы 132 айыл-кыштакта жайгашкан тейлөө чөйрөсүнүн аймактык жактан уюштурулушунун мүнөзү жана аны шарттаган обьективдүү факторлор менен жагдайлар аныкталды. Изилдөөдө айылдык калктын тейлөө чөйрөсүнө тиешелүү кеңири маалыматтар алынып, аларга илимий анализ берилди. Облустун тейлөө чөйрөсүн жакшыртуу боюнча конкреттүү жана атайын жолдомолор сунуш кылынды.

**Колдонуу деңгээли**: Нарын облусунун элеттик калкын тейлөө чөйрөсүн аймактык уюштуруу маселеси боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн методикасы менен айрым натыйжалары Кыргыз Республикасынын башка облустарындагы жана тоолуу чөлкөмдөрүндөгү тектеш проблемаларды иликтөөдө методика катары колдонула алат. Диссертациянын материалдары жогорку окуу жайлардагы география факультеттеринде окутулган «Край таануу», «Тейлөө чөйрөсү», «Кыргызстандын географиясы», «Кыргызстандын социалдык-экономикалык географиясы» деген атайын курстарда пайдалана алышат.

**Колдонуу чөйрөсү**: Изилдөөдө алынган жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык коргоо министирлигине караштуу Элди жумуш менен камсыз кылуу Мамлекеттик департаментинин; о.э. Кыргызстанда жакырчылыкты жеңүү программалардын алкагында жана айыл өкмөттөрүндө пайдаланууга болот.





**РЕЗЮМЕ**

кандидатской диссертации Д. Т. Солпуевой **«Территоралнная организация сферы обслуживания сельского населения Нарынской области»** на соискание ученой степени кандидата географических наук по специальности: **25.00.24.** – экономическая, социальная и политическая география

**Ключевые слова:** сфера обслуживания, образ жизни, непроизводственная сфера, сфера оказания услуг, социальная инфраструктура, уровень обслуживания, территориальная организация сферы обслуживания, сельское население.

**Обьектом исследования** является предприятия и учреждения сферы обслуживания сельской местности Нарынской области для анализа закономерностей территориальной организации сферы обслуживания.

**Цель исследования**. Изучение системы обслуживания сельского населения Нарынской области и ее рациональной территориалнной организации в целях удовлетворения все больше растущих потребностей провинциального населения.

**Методы исследования.** Определение целесообразности паралелльного использования двух методов, разработанных А.Ггеаряном, Р.Овясоном, И.С.Кулаковым, анализ уровня обеспеченности организации и учреждений сферы обслуживания сельских населенных пунктов в Нарынской области.

**Полученные резулнтаты и новизна.** Определены обьективные факторы и обстоятельства, обуславливающие характер сферы обслуживания, расположенной в 132 сельских населенных пунктах пяти районов Нарынской области; получены глубокие и существенные информации о сфере обслуживания сельского населения Нарынской области и дан научный анализ по исследуемой сфере; рекомендованы конкретные и основателнные предложения по поводу улучшения сферы обслуживания области.

**Степень использования.** Методика и некоторые результаты исследования, проведенные по вопросу территориальной организации сельского населения Нарынской области могут быть применены в исследовании родственных проблем других областей Кыргызской Республики и горных регионов, могут применяться в разработке и преподавании спецкурсов «Краеведение», «Сфера обслуживания», «География Кыргызстана», «Социально-экономическая география Кыргызстана», преподаваемые на географических факультетах высших учебных заведениях.

**Область применения.** Резулнтаты научного исследования могут быть использованы Министерством труда и социальной защиты, Департаментом трудоустройства, Республиканской программой ликвидации бедности и в айыл окмотах нашей страны.

# SUMMARY

of candidate dissertation **"Territorial organization of sphere of service of the village population of Narynarea"** by Solpueva D. T. According to specialty 25.00.24. – economical. social and political geography.

**Key words**: sphere of service, image of life, non-productive sphere, sphere of rendering of services, social infrastructure, degree of service, territorial organization of sphere of service, village population.

**Object of research.** Ln purposes of widely researches of organizations the spere of services of the village population, the organizations and establishments are located in Narin area.


**The purpose of research.** Study of system of service of the village population of the Naryn area and its rational territorial organization with the purposes of satisfaction have more growing needs (requirements) of the provincial population.


**Methods of research.** Definition of expediency parallel uses of 2 methods developed by A.Gregorjan, R.Ovesjan, I.S.Kulakov. The analysis of a level of Narynarea security of the organization and establishments of sphere of service of rural settlements in areas.

**The received results and novelty**: The objective factors and circumstances causing character of sphere of service, located in 132 village areas, occupied in 5 items of Naryn area are determined. In the given research the deep and essential information on sphere of service of the village population of Naryn area are received and the scientific analysis on researched sphere are given. The concrete and foundatly offer are recommended to concerning improvement of sphere of service of area.

**Practical importance**: The technique and some results of the research which has been carried out on territorial organization of the village population of Naryn area can be useful in research of related problems in other areas of Kyrgyz Republic and mountain regions, can be applied in development and teaching the special subjects by "Intoduction in the country", "Sphere of service", "Geography of Kyrgyzstan", "Social and economical geography of Kyrgyzstan", taught on geographical faculties Higher educational organization of Kyrgyzstan.

**Area of application.** The results of scientific research can be used in the folloing area: the Ministries of work and social protection, Departments of the imploingment, Republican program of liquidation of poverty in agricultural areas our country.






НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ АЙЫЛ-КЫШТАКТАРДАГЫ ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮНҮН АЙРЫМ ТАРМАКТАРЫНЫН ӨНҮГҮҮ ДЕҢГЭЭЛИНИН КАРТА-СХЕМАСЫ